Башкаруу кеңешинде каралды
«10» июнь 2022-ж.
№ 10 протокол

«Бекитемин»
АЭУнун ректору, п.и.к., доцент С.С. Эрдолатов
«10» июнь 2022-ж.

# «Ала-Too» Эл аралык университетинин Жайкы окууну уюштуруу жөнүндө ЖОБОСУ

1. Жайкы окууну уюштуруу тууралуу Жобо «Ала-Тоо» Эл аралык университетинин бакалавриат специалитети жана орто кесиптик билим берүү программаларында жайкы окууну ишке ашыруунун жол-жоболордун негизинде жөнгө салат.
2. Бул жобо «Ала-Тоо» Эл аралык университетинин «Окутуунун кредиттик технологиясы (ECTS) боюнча окуу процессин уюштуруу тууралуу» жобосунун негизинде даярдалган.
3. Жайкы окуу студенттин жайкы окууга катышуу тууралуу берген арызынын жана кафедранын сунушунун Билим берүү жана сапатты башкаруу департаменти тарабынан бекитилүүсү менен ачылат.
4. Жайкы окуунун академиялык календары бул жободо көрсөтүлгөн мөөнөттү эске алуу менен Билим берүү жана сапатты башкаруу департаменти тарабынан бекитилет.
5. Жайкы окуунун мөөнөтү сынактар менен бирге 6 жумадан кем болбоосу зарыл.
6. Жайкы окууда күзгү жана жазгы семестрдин дисциплиналарынын пландары жан сааттары/кредиттери (ECTS) негиз катары алынат.
7. Жайкы окуу дисциплинасы эң аз 2 студенттин катталуусу менен ачылат, эгерде студент бир сабакты тапшыруу үчүн кредиттердин акысын эки эсе төлөсө, сабакты каттоо жана ачуу арыздын негизинде каралат.
8. Студент жайкы окуу дисциплиналарына эң кеч дегенде жайкы окуунун башталшышынан бир жума мурун катталуусу зарыл.
9. Жайкы окуу дисциплиналарына катталуучу студент тиешелүү жыл үчүн университеттин Башкаруу кеңеши тарабынан бекитилген жайкы окуу дисциплиналарынын акысын төлөөгө милдеттүү. Дене-тарбия курсуна 2 кредиттик акы төлөнөт.
10. Жайкы окууга киргизилген бакалавриат жана орто кесиптик билим берүү программаларынын студенттери 18 кредитке чейинки кредитти каттоого укуктуу.
11. Жайкы окуу башталгандан кийин окуу дисциплиналарын коштууруга же алып салууга уруксат берилбейт (өзгөчө кырдаал Башкаруу кенешинин чечими менен каралат).

12. Жайкы окууда студент сабакка катышууга милдеттүү.

13. Эгерде студент жайкы окуудан негиздүү жана жүйөлүү себептерден жайкы окуунун башталышынан бир жума мурун баш тартса, кафедранын чечими менен каттоодон чыгарууга болот жана төлөгөн окуу акысынын 80% кайтарылып берилет.

14. Жайкы окууну уюштуруунун форматы Мамлекеттик стандарттын негизинде жүргузүлөт.

15. Жайкы окууга төлөнүүчү окуу акысы 1-тиркемеде көрсөтүлгөн.

**Билим берүү жана сапатты башкаруу департаментинин директорунун м.а.** **Шамбеталиев К.Ы.**

**Билим берүү жана сапатты башкаруу департаментинин башкы адиси** **Акматалиева А.И.**